| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жыл 22-апрель** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясынын №1 токтому**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын дэнгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Талас облусунун Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кыргызмамжердолбоор" мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Күмүштак айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып жана талкуулап Күмүштак айылдык кеңеши төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

1. Күмүштак айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.
2. Күмүштак айылдык кеңешинин төрагасына жана Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысына схемалык картага кол коюу тапшырылсын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Бакай-Ата райондук мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**2024-жыл 22-апрель** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясынын**

**№2 ТОКТОМУ**

**Боо-Терек айыл өкмөтү мекемесинин жана Оро айыл өкмөтү мекемесинин киреше жана чыгаша бөлүмдөрүн бириктирүү жөнүндө.**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын жана "Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү Кеңештердин иши жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген убактылуу Жобону жетекчиликке алып, ошондой эле "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Жобону жана ошондой эле "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айыл өкмөтү мекемеси жана Оро айыл өкмөтү мекемеси бириктирилип Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемеси болуп кайра түзүлгөндүгүнө байланыштуу киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнүн бюджеттери бириктирилип бекитилсин.
2. Бекитилген киреше жана чыгаша бөлүмдөрү өзгөртүүсүз кабыл алынсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КУМУШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жыл 22-апрель №3** **Боо-Терек айылы**

**Жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан малдын башына төлөнүүчү салыгынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндө.**

Кумуштак айыл аймагындагы жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан төлөнүүчү салыгынын тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин сунушун угуп, карап чыгып талкуулап Кумуштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кумуштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы муниципалдык ишканага Кумуштак айыл аймагындагы жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан төлөнүүчү салыгынын тарифтери жакынкы жайытка төмөндөгүдөй болуп бекитилсин
   - Жылкы башына 120 (жүз жыйырма) сом;
   - Уй башына 100 (жүз) сом;
   - Кой башына 15 (он беш) сом.
2. Кумуштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы муниципалдык ишканага жайлоого мал алып чыккан малчылар тарабынан төлөнүүчү салыгынын тарифтери алыскы жайытка төмөндөгүдөй болуп бекитилсин
   - Жылкы башына 60 (алтымыш) сом;
   - Уй башына 50 (элүү) сом;
   - Кой башына 8 (сегиз) сом.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Кумуштак айыл өкмөтүнүн карамагындагы муниципалдык ишкананын башчысы А.Акматовага милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жыл 22-апрель №4** **Боо-Терек айылы**

**Кыргызстан айылындагы суу топтоочу резервуарды (БСРди) оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн акча каражат бөлүп берүү жөнүндө.**

Кыргызстан айылындагы суу топтоочу резервуарды (БСРди) оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн акча каражат бөлүп берүү жөнүндөгү сунуштарды угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, мурунку Боо-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетинде көрсөтүлгөн мамлекеттик тейлөө бөлүмүндөгү административдик-аймактык реформанын компенсациясына каралган акча каржатынын 2215-статьясынан, Кыргызстан айылындагы суу топтоочу резервуарды (БСРди) оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн 89 400 (сексен тогуз миң төрт жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жыл 22-апрель №5** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Кызыл-Бакыр жамаатынын көрүстөнүнө бара турган автоунаа жолун жана көпүрөсүн оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн акча каражат бөлүп берүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылындагы Кызыл-Бакыр жамаатынын көрүстөнүнө бара турган автоунаа жолун жана көпүрөсүн оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн акча каражат бөлүп берүү жөнүндөгү сунуштарды угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, мурунку Боо-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетинде көрсөтүлгөн мамлекеттик тейлөө бөлүмүндөгү административдик-аймактык реформанын компенсациясына каралган акча каржатынын 2215-статьясынан, Боо-Терек айылындагы Кызыл-Бакыр жамаатынын көрүстөнүнө бара турган автоунаа жолун жана көпүрөсүн оңдоп түзөө иштерин жүргүзүү үчүн 161 460 (бир жүз алтымыш бир миң төрт жүз алтымыш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жыл 22-апрель №6** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Жики каналды каздырууга акча каражат бөлүп берүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылындагы Жики каналды каздырууга акча каражат бөлүп берүү жөнүндөгү сунуштарды угуп, карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнүн, мурунку Боо-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетинде көрсөтүлгөн мамлекеттик тейлөө бөлүмүндөгү административдик-аймактык реформанын компенсациясына каралган акча каржатынын 2215-статьясынан, Боо-Терек айылындагы Жики каналды каздыруу үчүн 20 000 (жыйырма миң) сом акча каражатка солярка алынып берилсин.
2. Каналды каздыруу үчүн айыл өкмөтүнүн экскаватору берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Күмүштак айыл өкмөтүнүн каржы-экономика жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Р.Дуйшенкуловага жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**